# АЙЫЛ ЧАРБАСЫ-ӨЛКӨНҮН ЭКОНОМИКАСЫНЫН ТҮРКҮГҮ



Айыл чарбасы биздин өлкөнүн экономикалык ишмердигинин негизги жана артыкчылыктуу түрү болуп эсептелет. Мамлекеттик агрардык саясатынын негизги максаты-өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун жана экспорттук потенциалын камсыздоочу натыйжалуу атаандашууга жөндөмдүү айылчарба өндүрүшүн түзүү. Айылчарба продукциясынын негизги өндүрүүчүлөрү болуп фермерлик чарбалар жана жеке менчик көмөчү чарбалар болуп эсептелет. Райондун айыл чарбасы негизинен дан эгиндери, жашылча жана картошка, кант кызылчасын өстүрүү өнүккөндүгү менен мүнөздөлөт.

Райондо айыл чарба багытында алгылыктуу иштер жасалып, дыйкан чарбасы жана мал чарбачылыгы менен алектенген жердештерибиздин саны күндөн күнгө артып барат. Үрөнчүлүк чарбалар дыйкандарды сапаттуу үрөндөр менен камсыздап жатат. Кооперативдерди түзүп, ишти дагы алдыга жылдырууга аракеттер жүрүүдө. Мал чарбасынын асыл тукумдуулугун жогорулатуу боюнча дагы алгылыктуу иштер колго алынып, фермерлик чарбалар көрсөткүчтүү иштерди жүргүзүп келишет.

Айыл чарбасындагы түшүмдүүлүк, мал чарбасындагы жетишкендиктер жаңы долбоорлорду, милдеттерди ишке ашырууга мүмкүндүк берет. Бул багытта ишти натыйжалуу алып баруунун нтыжасында калкыбыздын жашоо сапатынын оңолушу көз каранды болот.

***Урматтуу айыл чарба кызматкерлери!***
***Майрамыңыздар кут болсун!***

Ден соолукта болуңуздар. Түшүм мол болуп, элибиз токчулукта жашасын.

*Турдубек АНДАШЕВ,*
*райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын башчысы.*